КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги VII сессиясынын
# №40/7-9 ТЕСКЕМЕ

**2-июль, 2025-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелери жана архитектуранын ченемдик нормаларын сактоону камсыздоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаардык кенешинин Регламентинин 8-бөлүмүнүн 8.2- пункту жана Депутаттардын Талас шаардык кенешинин 2025-жылга карата Иш планына ылайык, Талас шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелери жана архитектуранын ченемдик нормаларын сактоону камсыздоо жөнүндө Талас шаардык кенешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас регионалдык шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын Талас шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелери жана архитектуранын ченемдик нормаларын сактоону камсыздоо багытында аткарылып жаткан иштери “канаттандыраарлык” деп белгиленсин.
2. Талас шаарынын 2016-2045-жылдарга карата иштелип чыккан генпланы боюнча 19.06.2025-жылы Талас шаарынын жетекчилери жана депутаттарына презантациялоо учурунда белгиленген сунуштарды, жерлердин функционалдык зоналдык абалын жана акыркы жылдарда салынган курулуш обьектилерин азыркы колдонуудагы “Талас шаарынын курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелеринин” негизинде тактап, киргизүү жагы милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева.А.Ж.) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев.У.К.) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**